**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН**
**АНЫКТАМАСЫ**

Максатбек Мергенбаевич Жорокуловдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2023-жылдын 19-июну Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: Ж.А. Шаршеналиев, Л.П. Жумабаев, М.Ш. Касымалиев сот отурумунун катчысы А.Т. Таалайбековдун катышуусу менен Максатбек Мергенбаевич Жорокуловдун кайрылуусун карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**Т А П Т Ы:**

2023-жылдын 29-майында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна М.М. Жорокуловдун Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 3-апрелиндеги №196 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жарандарынын улуттук паспорттору жөнүндө Жобонун 8-пункту тергөө жүргүзгөн органдын же/жана соттун чечиминин негизинде паспортту жараксыз деп таануу каралбаган бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Кайрылуу субъектиси өзүнүн өтүнүчүндө укук колдонуу тажрыйбасынан айрым бир мисалдарды келтирип, талашылып жаткан ченемдин жарандардын улуттук паспорттору ички иштер органдарынын акыркы чечиминин негизинде жараксыз деп таанылат деген бөлүгү паспорттору жоголуп, ал маселе боюнча кийинчерээк кылмыш иштери козголуп, бирок ар кандай себептер менен убактылуу токтотулгандыгына

байланыштуу, жарандардын жаңы паспорт алуусуна бөгөт коюп жаткандыгын белгилейт.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык ар бир адамга өзүнүн Конституцияда, мыйзамдарда, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдерде, эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптеринде жана ченемдеринде каралган укуктарын жана эркиндиктерин сот аркылуу коргоого кепилдик берилет.

Ошондой эле, Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пактынын 16-статьясына ылайык ар бир адам кайда болбосун өзүнүн укук субъектүүлүгүн таанылышына укугу бар.

М.М. Жорокулов Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 51-беренесинин 4-бөлүгүнө шилтеме жасап, Кыргыз Республикасы өзүнүн менчигинде болгон паспорт менен жарандарды камсыз кылуу милдети келип чыгат, бирок бул жагынан алганда мамлекет жарандарды паспорт менен камсыз кылбай, конституциялык милдетин аткарбай келет деп эсептейт.

Арыз ээсинин пикиринде, мындай жагдай өлкөнүн Негизги мыйзамынын 42-беренесинин 1-бөлүгү менен кепилденген ар бир адамдын эмгек эркиндигине, эмгекке жөндөмдүүлүгүн пайдаланууга, кесибин жана иштин түрүн тандоого, коопсуздуктун жана гигиенанын талаптарына жооп берген эмгек шарттарына жана эмгекти коргоого болгон укугун, ошондой эле мыйзам менен белгиленген жашоо минимумунан төмөн болбогон эмгек акы алууга болгон укугун гана эмес, дээрлик бардык конституциялык укуктарынын жана эркиндиктеринин чектелишине алып келет.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, М.М. Жорокулов талашылып жаткан ченемдин тергөө жүргүзгөн органдын же/жана соттун чечиминин негизинде паспортту жараксыз деп таануу каралбаган бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерип берүүнү суранат.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы кайрылууну жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып,

“Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья-баяндамачы Ж.А. Шаршеналиевдин маалыматын угуп, төмөнкү тыянакка келди.

Судьялар коллегиясы кайрылууну кабыл алуу же кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө маселени чечүүдө, кайрылууда коюлган маселелердин конституциялык сот өндүрүшүнө жол берилгендигине жана кайрылуунун «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келүүсүнө таянат.

Келтирилген өтүнүчтүн мазмунунан М.М. Жорокуловдун кайрылуусу талашылып жаткан ченемде Кыргыз Республикасынын жарандарынын улуттук паспорттору тергөө жүргүзгөн органдын же/жана соттун чечиминин негизинде жараксыз деп таанууну караштырган ченемдин жок болгондугуна байланыштуу болгону көрүнүп турат.

Укуктук жөнгө салуудагы боштуктар, анын туюнтмаларынын, түшүнүктөрүнүн, терминологиясынын бүдөмүктүүлүгү, эгерде укук колдонуу процессиндеги бул кемчиликтер укуктун ченемдерин жарандардын конкреттүү конституциялык укуктарын же эркиндиктерин бузган же бузууга мүмкүн болгон чечмелөөгө алып келсе, анда алар арыздануучулардын кайрылууларынын негизинде конституциялуулугун текшерүү үчүн негиз боло алат.

Бирок судьялар коллегиясы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 3-апрелиндеги №196 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жарандарынын улуттук паспорттору жөнүндө Жобого 2021-жылдын 2-сентябрында Министрлер Кабинетинин №161 токтому менен айрым бир түзөтүүлөр кирзилгенин, анын ичинде 8-пунктунун тогузунчу абзацы жаңы редакцияда берилип, ага ылайык Кыргыз Республикасынын жарандарынын улуттук паспорттору укук коргоо органдарынын акыркы чечиминин же сот органынын күчүнө кирген чечиминин негизинде жараксыз деп таанылаарын белгилейт.

Демек, конституциялуулугу талаш туудуруп жаткан актыны жокко чыгаруу же анын күчүн жоготуусу кайрылууну Конституциялык соттун өндүрүшүнө кабын алуудан баш тартууга алып келет деген жобону караштырган “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 4-бөлүгүн жана кайрылууда арызданууччу койгон маселе укуктук жөнгө салуу менен эбак жол-жоболоштурулганын эске алуу менен судьялар коллегиясы өтүнүчтү конституциялык сот өндүрүшү аркылуу кароого негиз жок деп эсептейт.

Жогоруда аталган тыянактардын негизинде, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 1-пунктун, 4 жана 5-бөлүктөрүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. М.М. Жорокуловдун Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 3-апрелиндеги №196 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жарандарынын улуттук паспорттору жөнүндө Жобонун 8-пункту тергөө жүргүзгөн органдын же/жана соттун чечиминин негизинде паспортту жараксыз деп таануу каралбаган бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

2. Келтирилген материалдар арыз ээсине кайтарылып берилсин.

3. Аныктама тараптар жагынан үч айдын ичинде Конституциялык сотко даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: Ж.А. Шаршеналиев

Л.П. Жумабаев

М.Ш. Касымалиев

№ _____